ПРОТОКОЛ № ______

Ош мамлекеттик университетинин магистратура бөлүмүнүн
550200 – Физика-математикалык билим берүү багыты,
физика профили боюнча магистранттарынын
Илимий-педагогикалык практиканын жыйынтыгы боюнча

10.05. 2023
Ош шаары

Төрайымы: Омаралиева З.И.
Катчы: Бекжан кызы Г.
Катышты: 10

КҮН ТАРТИБИ:

Ош мамлекеттик университетинин магистратура бөлүмүнүн 550200 – Физика-математикалык билим берүү багыты, физика профили боюнча магистранттарынын илимий-педагогикалык практиканын жыйынтыгын угуу жана талкуулоо.

**Угулду:** 550200 – Физика-математикалык билим берүү багыты, физика профили боюнча магистранттардын илимий-педагогикалык практикасынын жыйынтыгы тууралуу жетекчилердин жана магистранттардын отчеттору угулду. Практика окуу планына ылайык 2023-жылдын 20-мартынан 6-майына чейинки мөөнөттө жүргүзүлүп, магистранттар окуу процессине активдүү катышып, лекциялык жана практикалык сабактарды өтүштү, методикалык материалдарды даярдашты жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүштү. Практиканын жүрүшүндө заманбап окутуу ыкмалары жана технологиялары колдонулганы белгиленди.

**Талкуу:** Талкуунун жүрүшүндө магистранттардын теориялык билими, педагогикалык чеберчилиги жана сабак өтүүдөгү методикалык даярдыгы канааттандырарлык деңгээлде экени айтылды.
Айрым магистранттардын сабакты уюштурууда, убакытты туура бөлүштүрүүдө жана студенттер менен иштөөдө тажрыйбасы жакшы экени баса белгиленди. Ошол эле учурда айрым кемчиликтер катары сабактын мазмунун дагы да тереңдетүү жана интерактивдүү усулдарды кеңири колдонуу зарылдыгы көрсөтүлдү.

**Сунуш:** 550200 – Физика-математикалык билим берүү багыты, физика профили боюнча магистранттарды даярдоонун сапатын жогорулатуу жана заманбап билим берүү талаптарына жооп берген адистерди даярдоо максатында окуу планына төмөнкү предметти киргизүү зарыл деп эсептелет:

1. **«Физика боюнча окутуунун натыйжаларын баалоонун заманбап каражаттары»** аттуу предметти окутуу зарыл, анткени бул предмет магистранттарга билим берүү процессинде окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун заманбап ыкмаларын, критерийлерди жана инструменттерди (критериалдык баалоо, форматтык жана жыйынтыктоочу баалоо, тесттик технологиялар, санариптик баалоо каражаттары) өздөштүрүүгө мүмкүндүк берет.
2. Аталган предметти окутуу келечектеги физика мугалимдеринин кесиптик компетенциясын жогорулатып, билим берүүнүн сапатын жакшыртууга жана эл аралык билим берүү стандарттарына шайкеш келүүгө өбөлгө түзөт.

3. Предметтин мазмунун практикага багыттап, реалдуу окуу процессинде колдонулуучу баалоо инструменттерин иштеп чыгууга өзгөчө көңүл буруу сунушталат.

ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛЫНДЫ:

Магистранттын илимий-педагогикалык практикасы канааттандыраарлык аткарылды деп табылсын.

Магистранттарга билим берүү процессинде окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун заманбап ыкмаларын, критерийлерди жана инструменттерди (критериалдык баалоо, форматтык жана жыйынтыктоочу баалоо, тесттик технологиялар, санариптик баалоо каражаттары) өздөштүрүү максатында окуу планына «Физика боюнча окутуунун натыйжаларын баалоонун заманбап каражаттары» дисциплинансы киргизилсин.

Төрайымы: Омаралиева З.И.

Катчы: Бекжан кызы Г.